DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Мадмуратова З.Г.*

# ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ УЧУРДУН ТАЛАБЫНА ЫЛАЙЫК САБАКТАРДА КОЛДОНУУНУН ЖОЛДОРУ

*Мадмуратова З.Г.*

# ПРИМЕНЕНИЕ НОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ НА УРОКАХ В СООТВЕТСТВИИ С ТРЕБОВАНИЯМИ ВРЕМЕНИ

*Z.G. Madmuratova*

# APPLICATION OF NEW TECHNOLOGIES IN LESSONS ACCORDING TO THE TIME REQUIREMENTS

*УДК: 370/247-91*

*Бүгүнкү күндө педагог ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен, окуучулардын чыгармачыл ой-жүгүртүүлөрүн калыптандыруу, аң-сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылуу менен мазмунду натыйжалуу өздөштүрүүгө болот. Учурда окуучулар эле эмес студенттердин да ой-жүгүртүү иш аракетин уюштура алсак, окууга болгон мотивациясын күчөтө алсак гана эффективдүү жыйынтыктарга алып келери белгилүү. Ушул жагдайда окутуучу үчүн башкы маселелердин бири, бул, студенттердин окуп-үйрөнүшкөн, өздөштүрүшкөн теориялык билимдери менен практиканын, турмуштун ортосуна көпүрө орнотуу далалаты. Окутуучуга студенттерди өз алдынча иштей билүү ыктарына, усулдарына үйрөтүү, аларга орундуу талап коюу жана көмөктөшүү милдети тагылат. Ошондуктан бул макалада натыйжалуу сабак келип чыгуу үчүн мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүү ишмердүүлүктөрү, окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун жолдору жана окуу ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү ишке ашыруунун багыты жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *тарбиялоо, тажрыйба, сапаттуу билим, чыгармачылык, өзгөрүү, өсүп өнүгүү, пайдалануу, уюштуруу, билим, жөндөм.*

*Сегодня учитель может эффективно осваивать содержание, используя различные методы, формируя творческое мышление учащихся, обеспечивая их сознательную деятельность. Хорошо известно, что не только ученики, но и ученики могут быть эффективными, только если они способны организовать свои мыслительные действия и повысить свою мотивацию к обучению. Одна из главных задач учителя в этой ситуации - попытаться преодолеть разрыв между теоретическими знаниями, которые студенты усвоили и усвоили, и практикой и жизнью. Педагог отвечает за обучение студентов навыкам и приемам самостоятельной работы, предъявляет к ним соответствующие требования и поддерживает их, поэтому в данной статье рассматриваются вопросы взаимодействия учителя и ученика, способы использования новых технологий обучения и направления успешного обучения.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, опыт, качественное образование, творчество, изменение, растущее развитие, использование, организация, образование, навыки.*

*This article talks about ways to achieve lesson effectiveness through teacher and student collaboration, the use of new technologies in teaching, and successful enhancement of learning activities. Today, a teacher can effectively master the content using various methods, shaping the creative thinking of students, ensuring their conscious activity. It is well known that not only students but also students can be effective only if they are able to organize their mental actions and increase their motivation to learn. One of the main tasks of the teacher in this situation is to try to bridge the gap between the theoretical knowledge that students have learned and learned, and practice and life. The teacher is responsible for teaching students the skills and techniques of independent work, makes appropriate requirements for them and supports them, so this article discusses the issues of teacher-student interaction, ways to use new teaching technologies and directions for successful learning.*

***Key words:*** *nurture, experience, quality education, creativity, change, growing development, use, organization, education, skills.*

Жылдан жылга окутуунун методдору көп түрдүү болуу менен бирге алар көбөйүүдө, анткени окутууну өнүктүрүү үчүн үзгүлтүксүз процесс ишке ашырылуу менен ошол эле учурда окутуунун жаңы каражаттары да жаралууда. Бүгүнкү күндө педагог ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен, окуучулардын чыгармачыл ой-жүгүртүүлөрүн калыптандыруу, аң-сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылуу менен мазмунду натыйжалуу өздөштүрүүгө болот.

Учурда окуучулар эле эмес студенттердин да ой-жүгүртүү иш аракетин уюштура алсак, окууга болгон мотивациясын күчөтө алсак гана эффективдүү жыйынтыктарга алып келет. Педагогикалык окуу жайларда да окутуу, таалим-тарбия сабактарын уюштуруунун салтка айланган лекция, семинар, көнүгүүлөр иштөө, лабороториялык-практикалык ж.б. формалары белсемдүү орунду ээлейт.

Ушул жагдайда окутуучу үчүн башкы маселелердин бири, бул, студенттердин окуп-үйрөнүшкөн, өздөштүрүшкөн теориялык билимдери менен практи-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



канын, турмуштун ортосуна көпүрө орнотуу далалаты. Окутуучуга студенттерди өз алдынча иштей билүү ыктарына, усулдарына үйрөтүү, аларга орундуу талап коюу жана көмөктөшүү милдети тагылат.

Азыркы заманбап талаптардын бири жогорку окуу жайларындагы бакалаврдык билим берүүдө сабактын борборунда негизги максаты катары студенттин өз алдынча ишмердиги биринчи орунда турат. Окуу ишинин акыйкаты мына ушунусу менен өзгөчөлөнөт. Бүгүнкү заманбап талап-окутуучу студенттерге окуу ишин оодорыш керек. Бул өңдүү милдеттер, айрыкча семинардык, практикалык багыттагы сабакта ишке ашары белгилүү. Практикалык сабактарда түйүндүү, көйгөйлүү маселелерди коюу менен бирге, студенттерди өз пикирин, билгенин айтууга шыктандырууга көңүл буруу керек.

Азыркы кездеги ааламдашуу айдыңында билим берүү тармагындагы жаңы технологияны пайдалануу зарыл экендигин бир нече педагогика илиминин докторлору далилдеди жана бул тармакта көптөгөн педагогикалык окумуштуулар жигердүү эмгектенишкен. Өз учурунда В.Ф. Шаталовдун өзгөчө методу мугалимдер үчүн табылгыс тажрыйба болуп жаңы окутуу процессин коом өтө кызыгуу менен кабыл алган. Ал жакшы окуган балдар менен кыздар сабакта мугалим консультанттардын милдетин аткаруусу С.Лысенкованын алга умтулуп окуу программасынан өтүп кетиши, эмгек жана чийүү мугалими И.Волковдун сабактын темасын гана айтып коюусу жана калганын балдар өздөрү изденишип, кайсы материалдан эмнени жасоону өздөрү чечүүсү, Н.Гузиктин кайра кайра кайталоо жана сабакта балдардын өз алдынча эмгегин уюштуруу жана аларды өз алдынча билим алууга окутуу усулдары бүгүнкү күндө интерактивдүү окутуунун усулдары, ыкмалары катарында кайрадан толукталып, жаңыланып иш жүзүндө колдонулуп жаткандыгы баарыбызга маалым.

Учурда көптөгөн окутуучулар студенттерге болгон мамилесин өзгөртүп сабактарда да окутуунун көптөгөн усулдары менен куралданып инсандын, жекече өзгөчөлүгүн эске алып урматтап, анын каалоо тилегин, күткөн нерсесин сыйлап, ишеним көрсөтүп окуусуна жана ишине сүрөнчү болуп көтөрмөлөп, дем берип иштегендиги байкалууда. Анткени бүгүн сабактын максат-милдет компоненти түп тамырынан бери өзгөрдү, азыр биздин билим берүү идеологиябыз да өзгөрдү. Ошол себептен биз түшүндүрүү, айтып берүү десек туура болбой калат. Окутуучунун жумушчу программасын карап көрсөк, студент бул теманы өздөштүргөн окуусу тааный алышат, түшүнүшөт, билишет, жасай алышат деген максат менен өзгөргөн.

Демек, студент өз алдынча иштеши зарыл. Студенттин өз алдынчалыгы идеялаштырылат. Окутуучунун бүгүнкү күндө орду өзгөрүүдө, демек лекцияда да окутуучу түшүндүргүч болбош керек, анткени өз алдынча өздөштүрүлбөгөн билим, адамдын өзүнүн акылына, интелектуалдык көрөңгөсүнө айлана албайт. Анткени лекциянын да практикалык багыты бар, лекциялык саатта да студенттер менен топтук иштерди колдонуш керек, ойлорун айтуусу керек. Эгерде окутуучулар көйгөйлүү маселелерди койгондо ошол көйгөйдү чечем деп, кызыгат, салыштырат, анализдейт, окуу материалын өздөштүрүү процессинде активдүү позицияда болот. Бул учурда студент өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алуу менен салыштырат, кызыкчылыгы пайда болот. Түшүндүрүү деген маселеге караганда өз алдынча үйрөтүү керек. Элибизде “чайнап берген аш болбойт” деген кеп бекеринен айтылган эмес. Ар бир студент өзү ой жүгүртсө гана ой-жүгүртүүсү өнүгөт. Окуу процесси образдуу айтканда көлдө сүзүп бараткан кайык сыяктуу, аны эки адам кыймылдатыш керек, башкача айтканда, кайыктын калагын окутуучу да студент да экөө тең бирдей сүйрөш керек. Бул үчүн окутуучу - педагог түрдүү жактан өнүккөн болуусу керек. Өз кесибинин тармагында окутуунун жаңы методдорун, формаларын, жаңы идеяларды ойлоп таап, аны тынымсыз өнүктүрүп туруусу зарыл.

Акылдуу педагогдор – эмнени билгиңер келет? Эмне кыласыңар? Эмнени аткарганды үйрөнүшүңөр керек? - деген суроо менен кайрылат. Заманбап педагогдун өзгөчөлүгү мына ушунда турат.

Замандын өзгөрүшү менен илимий-техникалык прогресске, техникалык каражаттардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чыгармачыл педагогдор тарабынан заман талабына ылайык келген (окутууну жакшыртууга өркүндөтүүгө аракеттер жасалып, окутууга карата жаңы көз караштар пайда болот) жаңы окутуу усулдары жаралат. Анткени окумуштуу педагогдор жана алдыңкы практик педагогдор ар дайым окуу процессин уюштуруунун жана окутууну жүргүзүүнү өзгөртүү, жакшыртуу аркылуу студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүн арттырып, аларды терең илимге, билимге, билгичтикке, көндүмдөргө ээ болуусуна, акыл иш-аракетин өстүрүүгө, өз алдынча билим алууга көнүктүрүүгө, студенттердин ойлоосун өстүрүп, аларды жетик адис катары, инсан катары калыптандыруу тарбия берүүнү өркүндөтүү максаты менен ар дайым шугулданып келишет.

Мына ошондон улам учур талабына шай келген окутуунун жаңы стратегиялары, усулдары, ыктары, жол-жоболору иштелип чыгат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Билим берүү тутумунда реформалардын жүрүшүндө жаңы окуу программаларын, окуу китептерин түзүү менен бирге окутуучуларга окутуунун жаңы технологияларын үйрөтүү жана алардын кесиптик чыгармачылыгын арттыруу эң приоритеттүү иш багыттары болуп саналат.

Жогорку окуу жайлардын практикасында кеңири колдонулбай жүргөн, эми гана жайылтылып жаткан окутуу технологияларын көңүлгө тутабыз. Республикабызда бүгүнкү күндөгү окутуу программалары аркылуу жогорку окуу жайларда, орто мектептерде инновациялык борборлор түзүлүүдө жана педагогдор кыска курстардан өтүп, семинарларга катышып, окутуунун жаңы технологиялары жайылтылууда [1, 67-б.].

Бул багыттагы иштер менен гана республикадагы бардык мугалимдерди окутуунун жаңы технологияларын пайдаланууга үйрөтпөстөн, азыркы күндө жогорку окуу жайларда окуп жатышкан болочок мектеп мугалимдерин адис катары даярдоодо алардын педагогикалык билимдердин тутумуна жана окуу-тарбиялоо методдоруна гана ээ болуусуна жетишүү менен гана чектелбестен, аларды окутуунун жаңы технологиялары менен куралданган болушуна жетишүү зарыл.

Жаңыдан пайда болгон технологиялар менен таанышуу, окуп-түшүнүү, сабакта аны колдоно билүү бул – биз окутуучулардын милдетибиз. Окутуунун инновациялык түрлөрүн өз орду менен пайдалана билген мугалим педагогдордун эң мыктысы боло алат. Ал эми мыкты болуу үчүн жаңы технологиялардын түрлөрүн жогорку деңгээлде өздөштүрүү керек. Келечек кесип ээлери да тажатма, бир түрдүү сабактардан тажап, көңүл бурушпай бара жатат. Жогоруда сөз кылгандай студент болобу, окуучу болобу өзү окуп, өзү жазса гана жаңы билимге сугарылат, өз пикирин тартынбай билдирүүсүнө мүмкүндүк жаратат. Албетте интерактивдүү усулдар менен өтүлгөн сабак сабакка даярданууну, чеберчиликти талап кылуу менен бирге окуучулардан топторго бөлүнүп өз алдынча, активдүү иштөөгө багыт жана көмөк көрсөтүү менен ишке ашат.

Мисалы, педагогика багытында өтүлүүчү “Педагогика” дисциплинасы боюнча “Класс жетекчинин тарбиялык иштери” деген темадагы предметти жана тилди интеграциялап окутуу методу боюнча жарым жартылай максаттуу тилге чөгөрүүнүн негизинде, интерактивдүү усулдарда өтүлгөн сабактын иштелмесин төмөндө көрсөтөбүз:

Сабактын темасы: **Класс жетекчинин тарбиялык иши**
**Максаттуу тил – орус тили.**
**Окутуу тили – кыргыз тили.**
**Сабактын максаты:**

| | |
|---|---|
| **1. Когнитивдик максат:**<br>• Студенттер мугалим – класс жетекчинин тарбиялык иштеринин аткарылышына көңүл бура алышат, кабыл ала алышат жана эске тута алышат.<br>• Студенттер класс жетекчинин аткарган негизги иштери жана багыттары боюнча билимдерди колдонуу менен өз түшүнүгүн айтып бере алышат, ой жүгүртүп демонстрациялашат (көргөзөт, конструкциялайт), салыштыра алууну үйрөнүшөт.<br>• Иш аракеттин мазмуну боюнча болжолдуу түрдө класс жетекчинин иш планынын түзө алышат. | **Күтүлүүчү натыйжалар:**<br>Студенттер класс жетекчинин тарбиялык иштеринин аткарылышына көңүл бурушат. Класс жетекчинин иштеринин негизги багыттары боюнча өз түшүнүгүн айтып беришет.<br>Студенттер класс жетекчинин функциялары, иштеринин багыттарын билимдерди колдонуп ой жүгүртүп салыштырышат.<br>Класс жетекчинин иш планынын болжолдуу түрүнүн схемасын түзүшөт. |
| **2. Социо-маданий (тарбиялык) максат:**<br>➢ Студенттер мектептеги класс жетекчисинин тарбиялык иштери азыркы учурдагы кураторунун ишмердүүлүгү тууралуу өз ойлорун билдире алышат.<br>➢ Студенттер класс жетекчинин тарбиялык иш-планын бирге түзүү аркылуу өз алдынча иштей билүү ыктарына ээ болушуп жоопкерчиликке тарбия-ланышат.<br>➢ Кичи топтордо активдүүлүккө, өз оюн эркин айта билүүгө, өз алдынча ойлонууга үйрөнө алышат. | Студенттер класс жетекчисинин тарбиялык иштери, азыркы учурдагы кураторунун ишмердүүлүгү тууралуу өз ойлорун билдиришет.<br>Студенттер класс жетекчинин тарбиялык иш-планын бирге түзүү менен өз алдынча иштей билүү ыктарына ээ болуп жоопкерчиликтүүлүккө тарбияланышат.<br>Студенттер активдүү, өз оюн эркин айтып жана өз алдынча ойлонушат.<br>Бири-биринин ой пикирин сыйлап угуп, топто иштей билишет. |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

| | |
|---|---|
| **3. Лингвистикалык максат.**<br>**3.1. Сабактын терминологиялык жана лексикалык минимуму:**<br>Класс жетекчи-класный руководитель;<br>Жамаат-коллектив;<br>Тарбия-воспитание;<br>Тарбиялык иштер-воспитательная работа;<br>Мамиле түзүү- наладить отношение;<br>**3.2. Функционалдык клишелер:**<br>– Разделитесь на группы!<br>– Вы сегодня подготовились?<br>– Выполняем задание.<br>– Приступим к анализу.<br>– Напишите.<br>– Здравствуйте! Я очень рада видеть вас.<br>– Как ваше настроение?<br>– Как себе чувствуете?<br>– Какая сегодня погода на улице?<br>– Вам нравится будущая профессия педагога?<br>– Почему? | -Моё настроение ...............<br>-Моё настроение ..............., так как ............<br>-У меня настроение ..............., так как ............<br>-Я себя чувствую ...............<br>-Я себя чувствую ..............., потому что ............<br>Сегодня погода ................<br>Сегодня на улице погода......... |
| **3.2 Сабактын тилдик конструкциялары:** Студенттер максаттуу тилде терминдерден пайдаланып сөздүк курулуштарды жасай алышат.<br>• Классный руководитель имеет ........, ........... и ......... функции.<br>• Технология воспитания-направление педагогики, занимающееся проектированием управляемых воспроизводимых ...............<br>• Особой составной частью педагогического мастерства является | - воспитательную, организационно-административную, координирующию.<br>- воспитательных процессов.<br>- педагогическая техника. |
| 4. **Сабактын ресурстары:** Слайд видео көрсөтмө, таркатма материалдар, таблица. | |

**Максаттуу тил – орус тилинде өткөрүлүүчү сабактын этаптары.**

| № | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Студенттердин ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| 1. | **Сабактын киришүү этабы:**<br>❖ **Жагымдуу психологиялык чөйрөнү түзүү:**<br>- Здравствуйте! Я очень рада видеть вас.<br>- Как ваши настроение?<br>- Как себе чувствуете?<br>- Какая сегодня погода на улице?<br>- Вам нравится будущая профессия педагога?<br>- Почему?<br>❖ **Сабакта физикалык чөйрөнү түзүү: Мотивация:**<br>Уважаемые студенты! Так, как вам нравится будущая профессия педагога, Я бы хотела продемонстрировать вам слайд на тему **"Нравственность - главная черта человека"** (2 минуты).<br>- Что вы увидели на слайде?<br>- Правильно ли вы заметили, что на слайде учитель проводит воспитательное занятие.<br>- Что подробно показано на слайде?<br>- Кто проводит воспитательное заниятие?<br>❖ **Алдын ала студенттердин билимдерин жана тажрыйбаларын актуалдаштыруу:**<br>Окутуучу студенттердин көңүлүн бир жерге топтоп, сүйлөмдү толукта ыкмасын пайдалануу менен суроо берет: | - Моё настроение ...............<br>- Моё настроение ..............., так как ............<br>- У меня настроение ..............., так как ............<br>- Я себя чувствую ...............<br>- Я себя чувствую ..............., потому что ............<br><br>Сегодня погода ................<br>Сегодня на улице погода.........<br><br>Что мы увидели на слайде ...............<br>Мы заметили, что на слайде................<br>На слайде подробно показано ...............<br>Воспитательное заниятие проводит ..........................<br><br>Студенттер жуптарга бөлүнүп, жазган сүйлөмдөрүн салыштырып окуп беришет. Жуптагылар бири-бирин толуктайт. |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | |
|---|---|---|
| | Окутуучу мугалим-класс жетекчи жөнүндө эмнени билесиңер, эмнени билгиңер келет деп талкуу жүргүзөт да, студенттерге көрсөтүлгөн үлгүдөгүдөй сүйлөмдү толуктоо үчүн тапшырма таркатылып берилет.<br>1. Класс жетекчи окуу-тарбия иштерин уюштурат.<br>2. Класс жетекчи кээ бир окуу мекемелеринде насаатчы же тьютор деп аталат.<br>3. Класс жетекчи .....<br>4. Класс жетекчи.....<br>5. Класс жетекчи.....<br>6. Класс жетекчи ....<br>7. Класс жетекчи ....<br>8. Класс жетекчи.....<br>9. Класс жетекчи.....<br>10. Класс жетекчи....<br>Окутуучу студенттерге утурлап барып, колдоо көрсөтүп дем берип турат.<br>Анда эмесе ушул суроолорго кененирээк жоопторду бүгүнкү сабагыбыздан билип алабыз.<br>❖ **Студенттерди сабактын темасы, максаты жана милдеттери менен тааныштыруу:** студенттер сабактын темасы, максаты жана милдеттери менен тааныштырылат. | Максаттуу тилде окутуучу менен саламдашат жана суроолорго жооп берет.<br>Слайд боюнча өз ойлорун айтышат.<br>Доскадан сабактын темасын жана планын көчүрүшөт.<br>Берилген суроолор боюнча студенттер өз ой пикирлерин билдиришет. |
| 2. | **Жаңы билимди калыптандыруу этабы:**<br>Окутуучу сабактын темасын жарыялап максаты менен тааныштырат. Теманын планы доскага жазылат.<br>Студенттерге өтүлө турган сабактын өзөктүү бөлүктөрү алдын ала лекциялык саатта берилген.<br>**а) Топтордо иштөө.**<br>Тайпа үч топко бөлүнөт. Топко бөлүнөөрдөн мурда студенттер менен биргеликте топтун негизги эрежеси иштелип чыгып, анын аткарылышы сабакта талап кылынат. Ар бир топко ватмандар, маркерлер жана колдонулуучу материалдар берилет.<br>**Эреженин талаптары:**<br>**1.** Активдүүлүк.<br>**2.** Регламент.<br>**3.** Өз оюн эркин айтуу.<br>**4.** Ар бир айтылган идея баалуу.<br>**5.** Суроолорго кыска, так жооп берүү.<br>**6.** Бири-бирин уга билүү, сыйлоо.<br>**7.** Бири-бирин сынга албоо.<br>**8.** Кол көтөрүп жооп берүү.<br>**9.** Юмор(тамаша).<br>**I топтун тапшырмасы.** Класс жетекчинин аткарган иштери, функциялары жана тарбиялык иштеринин негизги багыттарын аныктап бергиле.<br>**II топтун тапшырмасы.** Балдарды тарбиялоодо жана өнүктүрүүдө класс жетекчиге кайсы учурда психологдун жана социалдык педагогдун жардамы керек болот. Класс жетекчи мектеп психологу жана социалдык педагог менен кантип кызматташат.<br>**III топтун тапшырмасы.** Класс жетекчинин тарбиялык ишинин болжолдуу планын түзгүлө.<br>Студенттерге класс жетекчинин тарбиялык ишинин болжолдуу түрүнүн схемасы үлгү катары берилет<br>Тапшырма берилгенден соң окутуучу тарабынан топтон топко | Топтор биргеликте эрежени кабыл алышат.<br>Сабактын жүрүшүндө окутуучунун суроолоруна ар бир топ ой жүгүртүп жооп беришет.<br><br>Студенттер жаңы маалыматка ээ болушат.<br><br>Схемага (үлгүгө) карап класс жетекчинин тарбиялык иш планын түзүшөт. |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | |
|---|---|---|
| | өтүп топтордун ишине көз салып келип чыккан проблеманы чечүүгө жол көрсөтүлөт.<br>**б) Топтордун презентациясы;**<br>**в) 3 топту салыштырып, анализдөө:**<br>➢ Силер ....... идеяларды тактоолорду кошумчалайт элеңер?<br>➢ Силер жогоруда айтылган эрежелерге ....... тактоолорду киргизет элеңер?<br>➢ ................. да ......... туура эмес?<br>➢ Асан тобу менен иштеген тапшырмада ........ туура эмес?<br>➢ .......... эмне кылууну сунуштайсыңар?<br>➢ ........ бекемдөө үчүн .......... далилдерди келтиресиңер?<br>**г) Эреже иштеп чыгуу;** (китеп менен иштөө) | Топтор өз иштеринин жыйынтыктарын презентациялайт.<br>Студенттер коюлган суроолорго жооп беришип, тактоолорду аныктап жаңы маалыматтарга ээ болушат.<br>Китептеги теориялык маалыматтарга таянып, чыгармачылык менен иштөөгө үйрөнүшөт. |
| 3. | **Үйрөнгөн материалды бышыктоо:** Студенттердин микротайпалары тапшырмалар жазылган карточкаларды алышат. Кантип чечүүнүн варианттарын коллективдүү талдашат, контактуу өз ара аракеттенүү же ой калчоо (мозговой штурм) усулдугуна таянып ошол варианттарды тайпада ойноп көрүшөт.<br>➢ **а)** Сиз 5-класстын класс жетекчиси болдуңуз. Мектеп окуучусунун тарбиялоо шарттары менен таанышуу үчүн сиз биринчи жолу анын үй-бүлөсүнө бардыңыз ...................<br>➢ 8-класстын окуучусу С физика сабыгынын мугалимине оройлонду. Сиз класс жетекчисиз. Сиздин аракетиңиз.............<br>➢ Сиз 4-класстын класс жетекчиси окуучусунун тагдырына кыжалаттанат: көрсө, үйүндө драма: атасы үй-бүлөдөн чыгып кетүүгө камданып жатыптыр. Олуттуу сүйлөшүү күтүлүүдө..<br>Студенттердин микротайпаларына үлгү катары аңгемелешүүнүн чиймеси берилет:<br><br>**б) Окутуучу мээ чабуулу ыкмасы менен суроолорду берет.**<br>1. Мектептеги класс жетекчиңердин же азыркы окуу тайпадагы куратору кандай иштерди алып баргандыгын эстеп, бүгүнкү тема менен салыштырып айтып бергиле.<br>2. Бүгүнкү күндө кээ бир мугалимдер атайын тарбия ишин өткөрбөй койсо деле болот, себеби окутулуучу предметтердин тарбиялык функциясы эле жетиштүү десе, кээ бирлери тарбиялык саат сөзсүз өтүлүшү керек деген каршы пикирлерге силердин көз карашыңар кандай? Өз оюңарды мисалдар менен далилдегиле.<br>**в)** Жаңы терминдер менен иштешет: Студенты с помощью графического организатора определяет совпадение терминов и определений.<br>**г)** Билимди текшерүү жана өздөштүрүү үчүн окутуучу түшүп калган сөздү жана сөздөрдү коюу тапшырмасын берет.<br>Вставте подходящие по смыслу пропущенные слова.<br>• Классный руководитель имеет ............, ................. и ........... функции.<br>• Технология воспитания-направление педагогики, занимающееся проектированием управляемых воспроизводимых ......................<br>• Особой составной частью педагогического мастерства является .................<br>• Диагностика в работе классного руководителя – это комплексное изучение ..................... | Студенттер жагдайларды чечүү үчүн теориялык билимдерди колдонуу менен ишке чыгармачылык мамилени айкалыштырып өз варианттарын схемага таянып ойноп беришет.<br><br>Топтор бири-бирин угушат суроолорун беришет.<br><br>Студенттер класс жетекчиси, куратору тууралуу өз ойлорун айтып беришет.<br><br>Студенттер жыйын-тыгында класстык тарбиялык саат сөзсүз өтүлүш керектигин, терс көрүнүштөрдү жоюуга атайын уюштурулган тарбия процесси жардам берүүсүн түшүнүш керек.<br><br>Графикалык уюштургуч ыкмалары аркылуу студенттер терминдер менен иштешет.<br><br>Студенттер көп чекиттердин ордуна маанисине туура келген сөздөрдү коюшат.<br><br>воспитательную, организационно-административную, координирующию.<br><br>воспитательных процессов.<br><br>педагогическая техника.<br><br>отдельных учащихся класса и всей группы в целом. |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



<table>
<tr><td>5.</td><td>Сабакты жыйынтыктоо: Сабакты жыйынтыктоодо студент-терге “Класс жетекчинин тарбиялык иштери” боюнча лекция-дан сырткары практикалык сабакта кошумча кандай билим билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болду, эмнеге тарбиялан-гандыгы, кайсы сапаттары өнүккөндүгү, эмне кызыктуу бол-гондугун суроо берүү аркылуу сабактын натыйжасы анализ-денет.</td><td>Студенттер өз ойлорун, бүгүнкү сабактан эмне үйрөн-гөнүн бирден айтышат.</td></tr>
<tr><td>6.</td><td>Студенттердин жетишкендиктерин баалоо этабы: Студент-тердин жетишкендиктерин баалоо этабында, ишмердүүлүктүн жалпы стратегиясын түзүп, ар бир окуучунун катышуу деңгээлин сабактын көрсөткүчтөрүнө кайрылып ага карата студенттерди баалайт:<br><br>Топтун иштөөсүн баалоо таблицасы<br>
<table>
<tr><th>№</th><th>Аты-жөнү</th><th>Дайыма</th><th>Кээде</th><th>Эч качан</th></tr>
<tr><td>1.</td><td>План түзүүгө катыштым</td><td>✓</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>2.</td><td>Башкаларга жардам бердим</td><td></td><td>✓</td><td></td></tr>
<tr><td>3.</td><td>Чечим кабыл алууга катыштым</td><td></td><td>✓</td><td></td></tr>
<tr><td>4.</td><td>Маалымат чогулттум</td><td>✓</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>5.</td><td>Талкууга катыштым</td><td></td><td>✓</td><td></td></tr>
<tr><td>6.</td><td>Сын пикир айттым</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>7.</td><td>Ишти жыйынтыктоого катыштым</td><td></td><td></td><td>✓</td></tr>
<tr><td>8.</td><td>Презентациялыдым</td><td></td><td></td><td>✓</td></tr>
</table>
<br>Жогорудагы таблица аркылуу ар бир студенттин орду жана ролу аныкталып, бааланды.</td><td>Студенттердин билими калыптандыруучу баалоо кри-терийлри аркылуу бааланышат.</td></tr>
<tr><td>7.</td><td>Үй тапшырма: Студентке өз алдынча иштөө үчүн тапшырма берилет. Окутуучу тапшырманы жана аткарылыш шарттарын түшүндүрөт.<br>➢ Класс жетекчинин тарбиялык иш-планынын жана анын аткарылышынын болжолдуу түрүнүн схемасын түзүп ке-лүү.<br>➢ Класс жетекчинин күнүмдүк өткөрүлүүчү иштеринин планын болжолдоп түзүп тапшыруу.<br>➢ Ар бир студент класс жетекчи катарында өз окуу тайпа-сына тарбиялык саат өткөрүп берет.</td><td>Студенттер берилген тапшырманы өз алдынча иштөө аткарылышын түшүнүшөт.</td></tr>
</table>

Албетте, студенттердин активдүүлүгү жана алардын окууга болгон жоопкерчилиги, кызыгуусу, аракети өзүнөн-өзү эле пайда болбойт. Ага окутуучу демилге берип жогоруда көрсөтүлгөндөй ар кандай ыкмаларды чыгармачылык менен пайдаланып, ошону менен бирге өзү тарабынан ар кандай табылгалар менен кошумчалап, чеберчилигин көрсөтсө, окутуучу – студент биргелешип өз ара аракеттенүүсүнөн натыйжалуу сабак келип чыгат.

Жогорудагы практикалык сабактан соң илимий адабияттардагы “педагогикалык технологиянын” үч аспекттен карала тургандыгы эсибизге келбей койбойт. Биз үчүнчү аракеттеги аспектиге токтолсок. Педагогикалык технологияны үйрөтүү мугалимдерди интеллектуалдык чыгармачылык жактан өнүктүрөт, алардын ойлоосун өстүрүп, изилдөөчүлүк сапаттарын жаратат жана өнүктүрөт, таанып-билүү ишмердүүлүгүн жакшыртат.

Педагогикалык технология – окуу процессин окуучулар үчүн да, мугалимдер үчүн да эң ыңгайлуу кылып долбоорлоо, уюштуруу жана өткөрүү максатында ар тарабынан өтө кылдат ойлонулган биргелешкен педагогикалык ишмердүүлүктүн модели деп В.М. Монахов өзүнүн оюн айткан [3, 47-б.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Мындан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот. Педагог заман агымына, жараша окутуунун түрдүү усулдарын өздөштүрүүсү зарыл. Анын ичинде педагогика багытын тандап келген студенттерге да учурдун талабына жараша окутууну ишке ашыруу, окутуу процессинин ар түрдүү формаларын билгичтик менен колдонуу аракети турат.

Азыркы учурдун чыныгы педагогу чебер, чыгармачыл, жаңыча иштей билген, ар тараптан өнүккөн улам жаңы маалыматты алып, аны практика менен байланыштыра билген тажрыйбалуу педагог болуусу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Рахимова М.Р. Педагогиканын теориясы, технологиясы жана системасы. - Бишкек, 2003.
2. Тайиров М.М., Мурзаев М.С. Окутуунун жаңы технологиялары. - Ош, 2009.
3. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Б., 2015.